УДК: 070.1:004

**АЛЫМБЕКОВА М. Т.**
*Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
**ALYMBEKOVA M. T.**
*J. Balasagyn KNU, Bishkek*
*Alymbekova 2711(a)/nail.ru*

# ИНТЕРНЕТ ЖУРНАЛИСТИКАСЫ ЖАНА АНДАГЫ САЯСИЙ ТЕМАЛАРДЫН АКТУАЛДУУЛУГУ

## Интернет-журналистика и актуальность в ней политических тем

## Internet journalism and the relevance of political topics in it

*Бул макалада, журналист-эксперттер; Султан Жумагуловдун, Бакыт Орунбековдун, Кубат Чекировдун жана Кубанычбек Таабалдиевдин маалыматтарындагы фактылар колдонулду*

***Урунттуу свздвр:*** *интернет; медиа каражат; ЖМК; журналистика; социалдык тармактар; веб-сайттар; бийлик; саясат; журналист; мониторинг; контент-анализ; эксперт; публицист.*

*В этой статье использованы факты из политических публикаций журналистов-экспертов Султана Жумагулова, Бакыта Орунбекова, Кубата Чекирова и Кубанычбека Таабалдиева.*

***Ключевые слова:*** *интернет; медиа ресурс; ЖМК; журналистика; социальные сети; веб-сайты; власть; политика; журналист; мониторинг; контент-анализ; эксперт; публицист.*

*This article uses facts from the political information of expert journalists Sultan Zhumagulov, Bakyt Orunbekov, Kubat Chekirov and Kubanychbek Taabaldiev.*

***Keywords:*** *internet; media resource; media; journalism; social networks; websites; power; politics; journalist; monitoring; content analysis; expert; publicist.*

1962-жылы Интернетти ойлоп тапкан Пол Беран Манхетендеги АТТ деген ишканага келет жаңы байланышты көргөзөйүн деп. Инженерлер карап сен алжып атасын, байланыш мына деп зымы бар телефонду көргөзөт. Кайдагы аба менен байланыш болот деп, башыбызды айлантып жомок айтып отурасын, телефонду ойлоп тапкан, дүйнөгө таанымал инженерлер иштейт бул жерде деп бир инженери опулдап, зымы жок байланыш телефонун мыскылдаган экен. Бирок, бүгүн баарыбыз зымы жок байланыш менен куралданып жатабыз, бизче айтканда сотка. Азыркы замандын талабы менен баардык кыймыл аракетти телефон аркылуу жүргүзүп жатабыз. Китеп, сүрөт, бизнес, гезит, соода, ж. б.у.с. Азыр дематериализация, демонетизация, диджитализация болуп атат. Дематериализация деген колго кармалбаган деген сөз, мисалы интернеттеги китеп же, демонетизация - колго кармалбаган акча, диджитализация деген колго кармалбаган маалымат. Биз өзүбүзгө кантип, интернет жана кол телефону жок байланышабыз деп суроо узатып көрөлү, албетте жооп берип, түшүндүрүү таатал жана узун... Бирок, өнүккөн өлкөлөрдө шоопуру жок машине, учкучу жок самолёт колдонулууга берилүүдө. Ушундан улам, келечекте кол телефонго болгон көз карандысыздык жоюлатго деген пикирлер да пайда болот.

Кол телефондун бүгүнкү күндөгү таасири интернет майданында да, массалык маалымат каражаттарына да түздөн-түз салымын кошууда. Ар бир жалпыга малымдоо каражаттарынын мобилдик версиясы жарык көрүп, коомго маалымат таратуунун оперативдүү жолу ачылды. Кол телефон аркылуу социалдык тармакка катталгандардын саны күн санап өсүүдө. Ошондуктан, ар бир сайттарда жарык көргөн маалыматтар социалдык тармактарга шилтенип, жарандардын активдүү талкуусуна айланууда.

Азыркы доордо, тамга таанып калган жаш өспүрүмдөрдөн баштап, улуу муунга чейин, интернет аркылуу кабарчылык жана серепчилик милдетти алып, коомдук пикирге активдүү катышып жатышат. Интернет маалыматтардын күчү менен, адамдар наразылык акцияларга чыгып, ийликтеринин жана башкаруучуларынын кыңыр же терс иштерин ачык айтууда.

Социалдык тармактар аркылуу, мисалы: Твиттер, Фейсбук, Ютуб, Одноклассник жана Вотсап өңдүү, интернет программаларын колдонуу менен жарандык активисттер текст, үн жана видео маалыматтарды таратууда.

Ошол аркылуу, коомдо бири-бирин көзөмөлдөө күч алды. Экинчи жактан, адамдар ичиндеги, оюн чын дилинен жазуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Бул багытта, коомдун көзөмөлүндө биринчи кезекте бийлик өкүлдөрү тураарын

тармагындагы макалалар жана жаңылыктар экени талашсыз.

Этикага ылайык, журналисттик ишти, бийлик түзүмүндөгү иш менен айкаштырууга болбойт.

Журналистиканын негизги милдеттеринин бири-аткаруу, мыйзам чыгаруу жана сот бийлик-теринин ишин, коомчулукка ачык көргөзүү.

Коомчулукта, массалык маалымат сайттарындагы кызуу талкуу жараткан, маалыматтарды талдап көрүүдө, бир канча, маалымат порталдарына көз чаптырсак.

Мисалы Акипресс маалымат борборунун

Turmush басылмасында 17.03.18. Коом рубрикасынын кабарчысы - ***Сооронбай Жээнбековдун иниси Асылбек Жээнбеков депутаттык мандатын тапшырууга убада берген, бирок азыркыга чейин убадасына тура элек***-деген билдирүү жарыялады.

***Бул маалыматты 24 сааттын ичинде 5692 адам окуп, ар кандай сын пикирлер айтылды.***

Бул маалыматтын коомчулукка абадай тез тарагандыгынын кесепетинен, коомчулук КР ЖК депутаты Асылбек Жээнбековдун бере турган жообун күтүп калгандай. Көп убакыт өтпөй эле, Спутник сайтында, депуттатын кайтарган жообу да жарыяланды.

17:36 20. 03. 2018 (жаңыланган 09:46 21. 03. 2018) Кыскача шилтеме алуу БИШКЕК, 20-мар. — Sputnik. Депутаттык мандатты тапшыруу боюнча эч кандай сөз болгон эмес. Бул тууралуу Асылбек Жээнбеков ЖМК ларга жарыяланган кептерге жооп берип жатып билдирди.

"*Мандат тууралуу сөз болгон эмес, болушу да мүмкүн эмес. Мискенбаев — провокатор. Мандатымды эл гана ала алат. Биз президенттин ишине эч убакта кийлигишпейбиз. Биздин дүйнө таанымыбыз, тарбиябыз, көз карашыбыз башка. Ага барбайбыз. Акаев менен Бакиевдин абалы бизге эле эмес, келечекте президент боло турчуларга да сабак болушу керек. Туугандар өлкө башчынын ишине кийлигишпеши керек. Кыргыз эли аны көтөрө албайт*", — деди Жээнбеков.

Дагы:
https://sputnik.kg/politics/20180320/1038256503/zhehehnbekov-mandattan-azhyratuu-tuuraluu.html

Ушул маалыматтарды окуган соң, коомчулукта массалык маалымат сайттары канчалык оперативдүү экенин байкасак байкасак керек. Ар бир маалымат порталдарында, эң көп окулган, саясат

Бул макалада, 17-мартта Аксы жана Апрель окуяларына карата өткөн иш-чарада «Айкөл Ала-Тоо» уюмунун жетекчиси Мээрбек Мискенбаев билдирүүсү берилген.

Анын айтымында, саясатчы өзүнүн сөзүнө турушу керек.

«*Мисалы депутат Асылбек Жээнбеков эгер агасы президент болуп калса, анда өзүнүн мандатын тапшырууга убада берген. Бирок андай кылган жок. Үй-бүлөлүк, кландык башкаруу жөнүндө ар кандай сөздөр болбошу үчүн ал өзүнүн депутаттык креслосунан кетиши керек. Биз өздөрүнүн үй-бүлөсүн бийликке алып келген 2 президентти көрдүк. Үчүнчүсүнө жол бербейбиз.Жээнбеков Атамбаевден үлгү алышы керек. Ал өзүнүн туугандарын бийликке алып келген жок»,*

- деди ал.

http://www.turmush.kg/news:342149/?from=kgnews&place=translate

болот. Бир караганда, бийлик жана саясат тууралуу жазган оңой көрүнөт. Анын үстүнө, кыргыз журналистикасынын өзөгүн саясый темалар түзөт эмеспи.

Ошондой эле, дал ушул маалымат, **sputnik.kg** сайтынын кабарчылары да жарыяланган. Байкоо жүргүзүү учурунда, дал ушул маалымат социалдык баракчаларга жайылтылганын одноклассник, фейсбук, твиттер ж.б тармактардан көрө алдык.

20-март, 2018-жыл. "Азаттыктын" www. azattyk. org. сайтында “Саясат” рубрикасында учурда кызуу талкуу болуп жаткан “Исаковдун сын ээрчиткен сапары “аттуу макаланы, азаттыктын журналисти Токтосун Шамбетов жарыялады.

***КР Өкмөт башчысы Сапар Исаков Ошто. 17-март, 2018-жыл.***

*Өкмөт башчы Сапар Исаковдун Ага Хан фондуна тиешелүү тик учак менен Ошко барышы коомчулукта талкуу жаратты.*

*Өкмөттүк аппараттын маалымат бөлүмү Оштогу кызмат сапарында премьер-министр Сапар Исаков Ага Хан фондунун тик учагы менен жүргөнүн ырастады.*

*Бирок ал чет өлкөлүк уюмдун тик учагы өкмөттүк иш-чаралар үчүн кандай шартта берилгенин ачык айткан жок. Ал эми Ага Хандын Кыргызстандагы өкүлчүлүгү бул тууралуу кийинчерээк маалымат берерин билдирди.Өкмөт башчынын эл аралык уюмдун тик учагы менен сапарга чыгышы социалдык түйүндөрдө талкууга жем таштады. Айрымдары "тик учакты*

*ижарага алган" деп божомолдоп, анын чыгымын сындаса, кээ бири "эл аралык уюмдардын кызматынан пайдалануу кызыкчылыктардын кагылышы тууралуу эрежеге каршы келет" деп айыпташууда.*

*Бул макалага бир канча эксперттер ой пикирин билгизген. Алардын биринин пикирин карап көрсөк.*

*Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасынын мурдагы орун басары Марат Иманкулов бул сынды туура деп эсептейт. Иманкулов өкмөткө тиешеси жок тик учак менен жүрүү жогорку кызмат адамдарынын коопсуздугуна да коркунучтуу экенин эске салды.*

Марат Иманкулов.- "*Бекер сыр капканда гана болот" деп коет. Ар бир нерсенин баасы бар.*
*Алар учагын жөн эле берип койбойт да. Жөн эле рейс менен барса эмне болот? Тик учактын бир жагына эле барышы 200 миң сомдой болушу керек. Аны жөн эле бере бербейт"-деди.*

Ушул эле макала боюнча, ушул сайттын шилтемесинин негизинде, фейсбук социалдык тармагында көптөгөн сын пикирлер айтылууда. Ушул маалыматка карата айтылган сын пикирлерге көз салып көрөлү.*(Оңдоосуз берилди.)*

*Бардык пикирлер (19)*

*Аман*

*21,03,2018 09:54. Кыргыздын манкурт чиновниктерине эмне деп соз айтышты билбей деле калдым.Сапаш! Жууркаанына карап бутунду сунсан боло! Премьер министр болгону эмне иш бутуруп эмне жыйынтык чыгардын? Тв дан Таза коом,Шумдук коом деген роликтеринден башка эмне жыйынтык бар? Айтчы!Мамлекеттин карызы кундон кунго осуп атса сороктоп бир айда 2-3 жолу областарды кыдырып журосун? Анын баары бюджеттен каржыланып акча*
*кетип атат да.Областагы губернаторлор эмне иш кылып атышат анда? Же ай сайын региондордо Онор жай иштеп кундо жетишкендик кундо салтанат болсо бир жон эле. Экономиканы,ондурушту тушунбой билбей туруп бул кызматты аркалашын уят эле иш.*

*Пикир*

*21,03,2018 09:51. Түштүккө барып келгени туура. Чекара боюнча тапшырмалар, жазгы талаа иштери кандай отуп жатканын оз козу менен корушу керек. Бул анын милдети. Убакытты уномдош учун тик учак менен барса баргандыр. Мамлекеттик тик учак жок болсо фонддукун пайдаланса эч нерсе болбойт. Чыгымы болсо бир тонна керосин кетет. Бирок натыйжасы коп.*

*Иса*

*21,03,2018 09:49. Сапарчик депутат Жолдошбаевке окшоп өзүбүздүн эл учкан маршуруттук учак менен баргандан уялса керек? Ал да президентен кем беле дегенсип, өзүнө таандык жеке учагым болсо деп кыялданып жатса керек. Эменгедир кийинки убакта биздин бийликтегилер, депутатар эл арасында жүргөндү, эл олтурган автобустар менен учактарга түшкөндөн уялып арданышат.*

*Аты-жөнү жазылбаган*

*21,03,2018 02:51. Басып баратып ташка чалынсанар деле бийлик ташты таштап кетти дей бергиле кичине алардын он жагын деле карабайсынарбы же таакыр эле он жагы жокпу эшек минип барса да айтмаксынар эшек сатуунун артында Исаков бар экен деп.*

Ушул сыяктуу саясий темаларды "Акипресс", "Azattyk", "Баракелде","Centrasia.ru", "РИА 24.kg" ж.б жарыялап, коомдук-саясий резонанс жаратккан, жана Кыргызстандагы окуяларды дагы байма-бай чагылдырган ММКлар көп. Кээ бир учурда, четтен чыгып, ашыкча сындаган ММКлар да жок эмес.

Мындай учурда, журналисттер сындап жаткандардын да көз караштары тең салмак берилиш керек-деген эрежени көп бузушууда.

«Россиялык публицист, теле алып баруучу Александр Архангельскийдин көз карашында:
«Кыргызстанда сөз эркиндиги башка КМШ мамлекеттерине салыштырмалуу эркин болуп, атаандаштык күч алган. Ал эми интернет-журналистика акыркы он жылда ыкчам өнүгүп, гезиттер менен телекөрсөтүүлөрдүн пайдалануучуларын өзүнө тартып кетти- деп билдирген.

Жогоруда, айтылган пикирлерди угуп, интернет-журналистиканын келечеги дагы да алдыда экендигине ишеним артат. Бирок, бүгүнкү күндөгү көйгөйлүү маселе медиа каражаттарынын өкүлдөрүндө, жогорку деңгээлдеги професионалдуулук жетишпей жаткандыгы. Ал үчүн, көптөгөн эл аралык тернингдерге катышуу, тажрыйба алмашуу маселесин ишке ашыруу керек.

***Пайдаланылган булактардын тизмеси***

***Сайттар:***


1. https://www.azattyk.org
2. https://akipress.org
3. https://barakelde.akipress.org
4. http:// kabar.kg
5. https://24.kg


***Рецензенты: Тиллебаев С. А. -*** *доктор филологических наук, профессор КНУ им. Ж. Баласагына*

***Мырзагулов М. М. -*** *кандидат политических наук, доцент МУК*